| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ<br>“КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН<br>УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА” |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**17-май 2024-жыл № 8** **Совет айылы**

**“Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2024-жылга карата контрактык негизде кызматка кабыл алынган кызматкерлерге эмгек акы төлөө өлчөмүн бекитүү жөнүндө”**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 16.05.2024-жылдагы № 01-17/481 сандуу катындагы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 52 токтомуна негиз Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2024-жылга карата контрактык негизде кызматка кабыл алынган кызматкерлерге эмгек акы төлөө өлчөмүн бекитүү максатында Кеңеш айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз IV-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2024-жылга карата контрактык негизде кызматка кабыл алынган кызматкерлерге эмгек акы төлөө өлчөмү, башкы адистин эмгек маянасынан ашырылбаган өлчөмдө эмгек акы кароо жагы жактырылсын.

2. Токтомдун аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана КЭБ башчысына милдеттендирилсин.

3. Мыйзамдуу жагын карап берүү Кеңеш айыл өкмөтүнүн юристине жүктөлсүн.

4. Токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү” Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

5. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын реестрине киргизүү жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин жооптуу катчысы Ж.Ураимовага милдеттендирилсин.

6. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Б.Матишовко, А.Азимбаевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Ш.Канполотов**